| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КОЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>БАРСКООН АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАРСКООНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
| --- | --- | --- |

**Барскоон айылдык кенешинин XXVIII чакырылышынын 5 кезектүү сессиясынан**

Токтом

“20” апрель 2022-жыл №54 Барскоон айылы

**Айылдын аймагында үй бүлөлүк салттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча Жобону бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 28-февралындагы №54 “Кыргыз Республикасында үй бүлөлүк салттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” Жарлыгынын, Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 10-мартындагы №29 токтомунун негизинде, 2022-жылдын 4-мартындагы жалпы элдик жыйынынын сунуштарынын №3 протоколунун жана ушул маселе боюнча түзүлгөн комиссиянын баардык сунуштарын эске алуу менен иштелип чыккан Жобону бекитүү жөнүндөгү айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Асановдун билдирүүсүн угуп талкуулап, айылдык кенештин сессиясы токтом кылат:

1. Айылдын аймагында үй бүлөлүк салттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча айыл өкмөтү тарабынан иштелип чыккан Жобого, айылдык кенештин депутуттары тарабынан келтириген сунуштарды эске алуу менен өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бекитилген Жобо боюнча иш алып баруу, үй бүлөлүк салттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тартипке келтирүүнү жана айыл ичинде жобонун иштешине катуу көзөмөл кылуу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Асановго тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Айылдык кенештин төрагасы: Н.Чекиров**

А.Жаныгулова
0707577579

Жиберилди:айылдык кенештин иш кагаздарына-1нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына-1 нуска, РМА-1 нуска, Баардыгы 3- нуска